КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

---

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын __8__-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

"_27_"___06___ **2025-жыл №_71_** **Кызыл-Суу айылы**

**Айыл өкмөтүнө дем берүүчү грант аркылуу жасала турган курулуш обьектилерди ишке ашырууга айыл өкмөтүнүн өздүк салымын бөлүп берүүгө, ошондой эле 2025-жылдын экинчи жарым жылдыгында кошумча жасала турган курулуш иштерине кошумча акча бөлүп берүү жөнүндө.**

Айыл өкмөтүнүн аймагында 2025-жылы дем берүүчү грант аркылуу төмөндөгү үч обьект "Устин" каналынын капиталдык ремонту, Саруу айылындагы С.Сыдыков атындагы мектептин капиталдык ремонту, Д.Токтомушев атындагы спорткомплексинде жасала турган имараттын капиталдык ремонт иштерине айыл өкмөтүнүн өздүк салымын берүү керектигин, ошондой эле 2025-жылдын экинчи жарым жылдыгында жасала турган жумуштарга да кошумча акча талап кылына тургандыгын эске алып, ошондой эле бул маселе боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишердин маалыматын жана бюджет, финансы маселелери боюнча туруктуу комисиясынын протоколунун негизинде жергиликтүү кенешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ.

1. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылга кабыл алынган жергиликтүү бюджетинин эсебинен төмөндөгү обьектилердин ремонт иштерине жана башка кызмат көрсөтүүлөргө төмөндөгү өлчөмдөгү акча каражаттары бөлүнүп берилсин:

| | |
|---|---|
| - "Устин" каналынын ремонт иштерине | -3459519 сом |
| - С.Сыдыков орто мектебинин капиталдык ремонтуна | - 5 000 000 сом |
| - Д.Токтомушев атындагы спорт комплексинин капиталдык ремонт иштерине | -11358458 сом |
| -Арча балдар бакчасынын капиталдык ремонтуна | -2560000 сом |
| -Айыл башчыларына унаа сатып берүүгө кошумча акча каражаты | -200 000 сом |
| -Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн, райондук архитектура бөлүмүнүн райондук салык кызматынын, райондук билим берүү бөлүмүнүн алдындагы автоунаа токтоочу аянтын асфальт басып ондоо жумуштарына кошумча | -1100528 сом |

**Баардыгы -23678505 (жыйырма үч миллион алты жүз жетимиш сегиз миң беш жүз сексен беш) сом.**

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге сессиянын токтомунун негизинде 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорунун 70629 “ЖКХ” бөлүмүнүн 22154900 “Башка кызматтар” көрсөтүүлөр статьясынын проектилерди колдоо үчүн каралган акча каражатынын эсебинен иштин кызыкчылыгына жараша тиешелүү бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө, бир статьядан экинчи статьяга жылдырууларды Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгы менен макулдашуу аркылуу жүргүзүп, жогоруда көрсөтүлгөн 23678505 (жыйырма үч миллион алты жүз жетимиш сегиз миң беш жүз сексен беш) сомду бөлүп берүү жагы милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жергиликтүү кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

**Төрайым** **Г. Чыныбаева**